DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



# ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
# ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
# HISTORICAL SCIENCES

*Алымкулов А.Т.*

## ПРЕЗИДЕНТ КУРМАНБЕК БАКИЕВДИН ЖҮРГҮЗГӨН САЯСАТЫНА КАРШЫ ОППОЗИЦИЯ ӨКҮЛДӨРҮНҮН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КАДАМДАРЫ (7-апрель 2010-ж.)

*Алымкулов А.Т.*

## РЕВОЛЮЦИОННЫЕ ВОЗДЕЙСТВИЯ ПРЕДСТАВИТЕЛЕЙ ОППОЦИЗИИ ПРОТИВ ПОЛИТИКИ ПРЕЗИДЕНТА КУРМАНБЕКА БАКИЕВА (7 апреля 2010 г.)

*A.T. Alymkulov*

## THE REVOLUTIONARY INFLUENCE OF REPRESENTATIVES OF THE OPPOSITION AGAINST THE POLICIES OF PRESIDENT KURMANBEK BAKIYEV (April 7, 2010)

*УДК: 342.57(572.2)*

*Автор макаласында Апрель Элдик революциясынын жүрүшүндөгү оппозиция лидерлерин бийлик тарабынан жалган жалаа жабуу жолу аркылуу камалышы тууралуу маалыматтарды берген. Президент Курманбек Бакиевдин убагында анын жүргүзгөн саясатына каршы чыккандардын дээрлик бардыгы камакка алынган. Түптөлгөн командасы бийликти сындай баштаган оппозиционерлердин көзүн тазалоо максатында ар кандай ыпылас иштерди уюштуруп, аларды күнөөсүз күнөөлүүлөргө айландырган. Бул бийликтин мындай кара мүртөз, жеке кызыкчылыктарга багытталган саясаты көпкө узай алган жок. Мыйзамсыз иштеринин жыйынтыгы 2010-жылдын 7-апрелинде болуп өткөн революциясы менен аяктап, үй-бүлөлүк башкаруучулук бийлигинин кулашына алып келген. Бийликти кулаткандан кийин өлкөдөгү абалды турукташтыруу үчүн Убактылуу Өкмөт түзүлүп, анын башында Роза Отунбаева турду. Ошол учурдан тартып өлкөдө парламенттик башкаруу системасын орнотуу иш-аракеттери тезинен жүргүзүлүп баштаган. Ушуну менен катар эле Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү иштери да жанданган.*

***Негизги сөздөр:*** *апрель революциясы, оппозиция, лидерлер, саясат, бийлик, система, башкаруу.*

*В данной статье автор повествует о событиях, предшествующих Апрельской революции, о лидерах оппозиции, задержанных по ложным обвинениям со стороны власти. В период правления президента Курманбека Бакиева все несогласные с проводимой политикой подвергались преследованию и гонениям. Соратники президента начинают плести интриги и собирать компрометирующие факты на оппонентов, используя все возможные способы и административный ресурс. Результатом подобного беззакония стала Апрельская революция и свержение семейно-кланового режима К. Бакиевых. На почве этих событий незамедлительно начинается деятельность по стабилизации положения в государстве и созданию парламентарный правленческой управление. Наряду с этими событиями идут работы по внесении изменения в конституции. Для стабилизации положения в республике и укрепления экономики было сформировано Временное правительство, во главе с Розой Отунбаевой.*

***Ключевые слова:*** *Апрельская революция, оппозиция, лидеры, политика, власть, система, правления.*

*In this article, the author examines the problems that during the April Popular Revolution many opposition leaders were detained, who were arrested on false charges by the authorities. During the presidency of Kurmanbek Bakiyev, almost all those who opposed his policies were arrested. When opposition leaders began to criticize this power, his team followed them, and in order to remove every person from the road, they did all sorts of nasty things and made the innocent guilty. State policy such fierce and personal interests did not last long. The results of the illegal, family-clan regime ended with a revolution on April 7, 2010, and led to the fall of power. In the country, in order to stabilize the revolutionary situation, the Provisional Government was formed, headed by Roza Otunbayeva. From this point on, our state wanted to quickly establish a parliamentary system of administration. Along with this, they also organized work to amend the Constitution.*

***Key words:*** *April revolution, opposition, leader, politics, power, system, government.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ар бир элдин карт тарыхы бар. Ошол тарыхый жолдо бүтүндөй бир элдин тагдырын чечкен күндөрү өткөн. Ал күндөрдүн бири бул Апрель Элдик революциясы. Революциянын максаты мамлекетти жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланган К.Бакиевдик системаны жок кылуу болгон. Мамлекетте мыйзамдын орношун камсыздап, элдин жашоо шартын оңдоп, эркин саясий атаандаштыкка шарт түзүү элдин мүдөөсү эле. Кыргызстан тарыхынын олуттуу окуяларына туура баа берип, келечек үчүн сабак катары пайдаланып, туура багытты тандоо азыркы мезгилдин талабы. Мамлекет Конституциянын негизинде иш кылбаса, өлкөнүн тагдыры талкаланып калуу коркунучу бар.

Демократиялык жолдо өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуу, мыйзамдуулуктун орношун талап кылуу ар бир атуулдун милдети. Элибиздин энчисине тийген 7-апрелдеги Элдик революциянын жеңишин сактап калуу, жаркын келечекти куруу бүтүндөй элдин тилеги. Мындан ары кандуу окуялар менен бийликти алмашуу эмес, өлкөнүн өнүгүү шартында тынчтык жолу аркылуу саясий багыт аныкталышы зарыл.

Эгемендүү Кыргызстан өзүнүн тарыхында 2010-жылдын 7-апрелиндеги революциясы менен өткөндөгүдөн дагы бир ирет сабак алгандай болду. Чындыгында 2005-жылы 24-марттагы окуя кайрадан кайталанды. Эгемендүүлүк жылдарынан тартып ушул мезгилге чейин өлкө ичинде олуттуу маселелер жаралып, чукул бурулуштар менен коштолгон.

2010-жыл 7-апрель Элдик революциясы болгонго чейин К.Бакиев өзүнүн жеке бийлигин орнотуп, мамлекеттин байлыгын өз кызыкчылыгы үчүн жумшап келген. Мындай мыйзамсыз иштери токтобой улам улана бергендиктен, ага каршы оппозициялык күчтөр биригип, бул бийликтин түп тамырынан бери өзгөртүү максатын көздөшкөн. К.Бакиевдин өзү түптөгөн командасы бийликти сындай баштаган оппозиция өкүлдөрүнө жалган жалаа менен иш козгоп, камоого өткөн. Мамлекеттин бүтүндүгүн, элдин жаркын келечегин ойлогон жарандарыбызды жок кылуу максатында аларга ар кандай шылтоолор менен куугунтук иштерин күчөтүшкөн. Элдин таламын талашкан, бийликке каршы чыккан оппозиция лидерлерин канчалык куугунтуктабасын, камабасын бирок, аларды колдогон элдин күчүн токтотуу мүмкүн эместигин мезгил өзү көргөздү. Ошол кездеги бийликти сындаган ар бир лидердин артынан аңдытып, аларга жалган жалаа жабуу менен ар кандай иштерди уюштуруп, камоо айласын гана көрүп жаткан. К.Исаевдин эмгегинде оппозиция лидерлерине болгон куугунтуктоо мындайча эскерилет: “Репрессии в отношении СМИ и оппозиционных политических сил вплоть до карательных мер и убийств” [1]. Ошондой эле А.Жекшенкуловду адам өлтүрүүгө байланыштырып, күнөөсү жок кылмыш иши ачылган. Э.Булекбаев менен С.Аргынбаевди элдерди чогултуп, өлкө ичинде баш аламандык жараткан деген кыязда күнөөлөп, аларды дагы жазыксыз каматышкан. Чагылгандай тездик менен 2010-жылдын 11-январь күнү Бишкек шаардык соту И.Исаковду 8 жылга абакка кесип, аны менен бирге эле даражасын алып салуу чечими чыккан [2]. Ошентип, И.Исаковдун камалышы көпчүлүктүн кыжырын кайнатып, аны колдоо ирээтинде Алай районунун эли митингдерге чыгышкан. Мындай мыйзамсыз чечимдердин чектен чыгып, жөнү жок куугунтуктоолор болуп жаткандыгы тууралуу оппозиция өкүлдөрү кескин каршылыктарын көрсөтүп, бир нече жолу бийликке кайрылууларын жолдошкон. Жашоо-шарттарынан кыйналган карапайым эл дагы бийликке өз наразычылыктарын билдирип, байма-бай улам жер-жерлерде митингдерди өткөрүп баштаган.

Эгемендүүлүктүн тарыхында бийлик менен оппозиция биригип, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн кызматташа элек [3]. Өлкөбүздө туруктуулук өкүм сүрбөй жаткандыгынын дагы бир негизи себеби, саясий элитанын түптөлбөгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Башынан эле өлкөнүн өнүүгүсүнө карай алган багытыбыз бүдөмүк болуп калгандай. Багыттуу иштер жүргүзүлбөгөндүктөн коомдогу көйгөйлөр улам көбөйө берген. Ушундан улам социалдык-экономикалык маселелер, коррупция, адилетсиздик орун алган [4]. Чечилбеген маселелердин натыйжасы бийликти алмаштыруу менен аяктап турган. Элибиз эчак эле сот адилеттүүлүгүнөн үмүт үзгөндөй. Ал эми бийликте үй-бүлөлүк башкаруу бекем орноп, каршылык көрсөткөндөргө катуу чаралар, атүгүл көзүн тазалоо адатка айланган. Мына ушул ыпылас иштеринин аркасында бийлик менен элдин ортосунда жек көрүү сезими күчөп, бир бүтүнгө бирикпей, эки жээкте кала берди. Эгерде элдин келечеги, өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө карай жолду тандаганыбызда кандуу окуялар болмок эмес. Чукул кырдаалдар биздин мамлекетибизде аз мезгилдин ичинде улам кайталанып, көнүмүш адатка айланып бара жаткандай. Мунун себептери мамлекетибиздеги жаралган маселелер чечилбестен, улам үстүнө үйүлө бергендигинде.

Бийлик алмашканы менен анын негизги өзөгү өзүндө калып, кийинки революциянын келип чыгуусуна өбөлгө түзүп келет. Мамлекетке болгон жарандардын ишеними жок болгондугу да мамлекеттүүлүккө өз кедергисин тийгизүүдө. Ал эми бийлик өткөндөгүдөн сабак алгандын ордуна кайра эле ошол каталарды кайталоо менен убара. Мамлекетибиз ошол терс таасирлерди түп тамырынан бери жок кылууга

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мүмкүн болбой калган абалга кептелип, экономикалык каатчылыктын сазынан суурулуп чыга албай келет.

Эгемендүүлүктүн шарттарында бийлик тарабынан атаандаштыкка мүмкүнчүлүк берилген эмес. Тескерисинче мыйзамсыз иштер орун алып, оппозиция оор кылмышкерге айланып, куугунтукталып, эл душманы катары сыпатталган. Ушул себептен аз мезгилдин ичинде кайра-кайра бийлик алмашуулар болду. Качан гана бийлик менен оппозиция адилеттүүлүктүн алкагында конструктивдүү иш алып барганда коомдо туруктуулук сакталат .

Коомчулукта улам нааразычылык күчөп, ар бир аймактарда бийликке каршы ири митингдер өткө-рүлгөн. Мисалы, Нарын облусунда жаз айында электр энергиясына болгон баанын көтөрүлүшүнөн улам кыжырданган эл токтоосуз бийликке каршы толкуп чыккан. Бирок, элдин талаптарын бийлик укмак түгүл кайрадан аларга күч колдонуп, жыйылган элди таратууга өткөн. Өзүнүн жеке бийлигинин кызыкчылыгын көздөп, аны сактап калуу максатында К.Бакиев элди коркутуп, бийликке каршы чыккандарга курал колдоноорун жарыя кылган [3]. Мындай диктатордук кыймыл аракети карапайым элдин ого бетер кыжырдануусуна алып келген. Элдин таламын талашкан, мамлекеттин кызыкчылыгын ойлогон оппозиция лидерлери бийликтен "Кыргызтелеком", "Түндүкэлектро" ж.б. ишканаларды мамлекетке кайтарылсын деген талап коюшкан. Ошону менен катар Конституциялык реформаны токтотуп, Максим Бакиев башкарган агенттикти жоюп, басма сөз эркин болушун айтып чыгышкан. Бул талаптарды бийлик аткармак тургай, тескерисинче оппозицияга каршы куугунтуктоолорду ого бетер күчөткөн. Бийликке коюлган талаптар эч аткарылбагандыктан, алар аймактарда 7-апрель күнү элдик курултайларды өткөрүүнү болжолдошкон. Бул иш-чараны өткөрүүнү Э.Каптагаевге жүктөп, ага жетекчилик кылмак болот. Ошентип, болжолдонгон иштер 5-апрелден тартып аймактарда уюштурула баштаган. Элдин толкуну кеңири аймакты ээлеп, жалпы түрдө нааразычылык күчөп, абал тездик менен курчуй түшкөндө, бийлик шашылыш түрдө жапырт оппозиция өкүлдөрүн ка-макка алууга өткөн. Курултайды өткөрүү максатында уюштуруу иштерин жүргүзүшүнө бийлик тарабынан тоскоолдуктар жаралып, алардын башында турган оппозиция өкүлдөрү Б.Шерниязов, Ө.Текебаев, Т.Сариев, Э.Ибраимова, А.Эркебаев, Т.Мадылбеков, Д.Чотоновдор камакка алынган. Мындай мыйзамсыз камакка алуулардын натыйжасында жалпы элдин чыңалуусу жарылып, өлкөдө күтүүсүз революциянын болушун шарттаган.

Талас облусундагы элдик толкундоолор курч мүнөздө өтүп, Апрель элдик революциясынын очогу жана башаты ошол аймак болуп калган. Таластагы элдин нааразылыгын күчтөп басуу үчүн премьер-министр Д.Үсөнов элге каршы күч колдонуу буйругун берип, аларды тарткатууга өткөн. Бийликке кыжырданган эл кайра эле 6-апрелде Талас шаарынын борборуна топтолуп, элди тынчтантуу максаты менен жолугушууга чыккан губернатор Бейшенбек Болотбековду барымтага алышкан. Ошол күнү ИИМдин куралдуу отряддары элдин толкунун басуу үчүн Бишкектен учактар менен учуп келишкен. Алардын негизги максаты элди таркатуу болгон. Ошондой чыңалуу абалында турган элди таркатуу мүмкүн эместигин Д.Үсөновго билдиришкен. Тилекке каршы резина октор менен элди атып, түтүн чыгаруучу шашкаларды, көздөн жаш чыгаруучу куралдарды колдонушкан. Бул учурда Б.Шерниязов элди жетектеп, ИИБ курчап алууга үндөгөн. Анын жасаган кадамы прокуратура тарабынан мыйзамсыз делип эскертүү берген. Ошентип, бийлик эл менен кагылышууга тымызын даярдык көрө баштаган. Таласка ошол түнү дагы 4 автобус ИИБ кызматкерлери, аскер күчтөрү жеткирилген. Бирок, бул бийликтин күчү чогулган 20 миңден ашык кишини басууга кудурети жеткен эмес. Жыйынтыгында элдин күчү аркылуу областык администрациясы талкаланып, бийликтин жеңилиши менен аяктаган. Андан кийин эле Токмокто Чүй обладминистрациясы эл тарабынан басылып алынган. Муну менен катар эле Нарында митингдин катышуучулары бийликти колго алып, элдик губернаторун шайлаганга жетишкен.

Апрель Элдик революциясы күнү бир катар оппозиция лидерлери бийликтин көрсөтмөсү менен камакка алынган. Мисалга алсак, Б.Шерниязов, Д.Чотонов, А.Артыков, Ө.Текебаев, Э.Каптагаев, Т.Мадылбеков, К.Дүйшөбаев, А.Эркебаевди жер-жерлерде жүргөн жеринен кармашып, Бишкекке алып келишип, УКМКнын жер төлөсүнө камашкан. Ошол күнү А.Атамбаев, Т. Сариев, Г. Скрыпкина, Э. Ибраимовалар да камакка алынган. Мындан сырткары Алайда И.Исаковдун коргоо комитетинин мүчөлөрүн мыйзамсыз эле камоого өткөн [4].

Бишкек шаарында 7-апрель күнү эртең менен нааразы болгон эл "Форумда" чогулуп, расмий түрдө бийликке каршылыктарын билдирген. Ошол жерден эл менен бийлик кагылышып, элге карата күч колдонуу аракеттери жүргөн. Кагылышуу учурунда милиция кызматкерлеринин бир топ куралдарын революционерлер тартып алышкан. Бул жерде топтолгон элдин баары кыжырдануу менен Өкмөт үйүн көздөй

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жөнөшкөн. Алардын катарына дагы көптөгөн наараызыланган топтор улам кошулуп, алардын саны көбөйө берген. Ошондой эле оппозициялык маанайдагы партиялар биригип, «КСДП», «Ата Мекен», «Ак шумкар» ж.б. миңдеген адамдар Ак үйдү көздөй багыт алышкан. Оппозиция өкүлдөрү камалган УКМКнын имаратын курчап, лидерлерди бошотууну талап кылганда, аларга карата ок атылган. Канчалык бийлик каршылык кылбасын, элдин күчүн жеңүү мүмкүн эместигин сезип, милиция эл тарапка өткөн. Элдин күчү менен бийлик кулап, камактагы оппозиция лидерлери бошотулган. Алар Улуттук биринчи каналдан жалпы элге кайрылуулары менен чыгып, мамлекетте К.Бакиевдин авторитардык бийлиги биротоло кулаганын билдиришти.

Кыргыз Республикасынын тунгуч президенти А.Акаев 7-апрель 2010-жылдагы окуяны К.Бакиевдин башкаруу мезгилинин жыйынтыгы катары мындайча белгилейт: "Это логический конец правления людей, которые пришли посредством захвата власти и с помощью насилия... режим К.Бакиева ликвидировал практически все свободы и зачатки демократии, он создал режим репрессий" [5]. Чындыгында бул бийликтин тушунда оппозиция өкүлдөрүнө болуп көрбөгөндөй ачык эле куугунтуктоолор, мыйзамсыз камакка алуу, каралоолор чегинен ашкан.

К. Бакиев Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына жаңыдан киришип баштаганда демократиялык жолдо өнүккөн өлкөлөрдүн катарына киребиз деген дымагы күчтүү эле. Чындыгында экономикада өсүш байкалмак турсун, өздөрүнүн мээнети менен өстүргөн дан азыктары, жашылча-жемиштери, баккан малдары арзыбаган акча болуп, жарандардын күнүмдүк керектөөлөрүн камсыз кыла албай калды. Коомдогу социалдык маселелер улам көбөйүп, чечилбестен, элдин жакырдануусуна түрткү берген. Мамлекеттик ишканалардын көпчүлүгү өзүн-өзү актабай, банкроттук абалга кептелип, жыйынтыгында арзыбаган баада сатылган. Мындай банкроттук абал кайсыл бир тараптын жеке баюусуна шарт түзгөн. Мунун кесепети мамлекетти экономикалык базадан ажыратып, башка мамлекеттерге көз каранды болуусун шарттаган. Конституцияда жазылган мыйзамдар жарандар үчүн эч кандай кепилдик бере албай калган. Мыйзамдар жазылганы менен анын ишке ашырылышы өтө кыйын. Мамлекет өз жарандарын камсыздап, коргой албай, өлкөбүздө бала төрөлгөндөн тартып, адам өлгөнгө чейинки жолу жалаң акча менен байланышкан.

Коррупция менен күрөш жүргүзөм деп келген К.Бакиев өзү ушул коррупциянын терең тамыр алышына шарт түзгөн десек жаңылышпайбыз. Мамлекетибиздин мындай абалынын кесепетинен башка өнүккөн өлкөлөр бизге болгон ишенимин жоготушкан. Өлкөнү өнүктүрө турган өкмөттүк программаларыбыз болбогондуктан, коомдогу тамыр алган жемкорлуктан арылуу мүмкүн эмес. Мыйзамдар ишке ашпай, байлык, бийлик үстөмдүк кылуу менен саясий система жашап келген. Ошентип, К.Бакиевдин бийлиги коомчулуктун пикири менен эсептешпей, каршы келген саясатты жүргүзө берген.

К.Бакиевдин жүргүзгөн мыйзамсыз иштери оппозициялык күчтөрдүн гана эмес, карапайым калктын кыжырдануусуна алып келген. Элдин чыңалуусунун натыйжасында авторитардык режим кулап, жалган жалаа менен камалган оппозиция өкүлдөрү эркиндикке чыгышкан. 2010-жыл 7-апрелдеги болуп өткөн революция элдин жеңиши болгондуктан 7-апрель Элдик революциясы деп тарыхта аталып калды. Революциядан кийинки оор кырдаалды жөнгө салуу максатында Убактылуу Өкмөт түзүлгөн. Анын түзүлүшү менен мамлекеттин стабилдүүлүгү, элдин бүтүндүгү сакталып калган. Мындан кийин бийлик менен эл биргелешип бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып иш алып барса, мамлекеттин өнүгүшүнө толук мүмкүнчүлүк бар.

Жыйынтыгында К.Бакиевдин жүргүзгөн мыйзамсыз иштери оппозициялык күчтөрдүн гана эмес, карапайым калктын кыжырдануусуна алып келген. Элдин чыңалуусунун натыйжасында авторитардык режим кулап, жалган жалаа менен камалган оппозиция өкүлдөрү эркиндикке чыгышкан. 2010-жыл 7-апрелдеги болуп өткөн революция элдин жеңиши болгондуктан Апрель Элдик революциясы деп тарыхта аталып кала берди.

**Адабияттар:**


1. Исаев К. Причины и последствия народных революций в Кыргызстане 2005 и 2010 годов в условиях глобальной политики. // Наука и новые технологии, №4. - 2014. -С. 232.
2. Садыкова Р.С. Истоки и основные причины апрельских событий в оценках кыргызских и международных экспертов. // Наука и новые технологии, №3. - 2011. -С. 182.
3. Автордун талаа маалыматтары. Бишкек, 2011.-17б.
4. И.Исаковдун камалышы//https.www/azattyk/org.
5. Акаев А. Конец преступному режиму Бакиева // Интернет-газета "Белый парус". - 2010. https.www.pr.kg